**Шар окуу** – бул сөздүн маанисин түшүнүү менен, көркөм, ылдам, окуганда эмоция жана логиканы туура сактап, тыныш белгилерине көңүл буруу менен туура (катасыз) окуу жөндөмү.

Шар окуу (автоматизм) өзүнө төмөнкү компоненттерди камтыйт:

- Туура окуу
- Түшүнүп окуу
- Окуу ылдамдыгы
- Көркөм окуу

*Туура окуу – бул окуп жаткан тексттин маанисине таасирин тийгизе турган (тамгаларды, сөздөрдү так эмес айтуу сыяктуу) бурмалоосуз бир калыпта окуу.*

Окуу ылдамдыгы бир мүнөттө туура окулган сөздөрдүн саны менен аныкталат. Окуу ылдамдыгын мезгил-мезгили менен өлчөө жана окуучуларга жөндөмдөрүн жогорулатуу үчүн кайтарым байланыш берүү окуу көндүмдөрүн, башкача айтканда окуу автоматизмин өркүндөтөт.

*Шар окуу – автоматтык түрдө тамгаларды, муундарды, сөздөрдү, сүйлөмдөрдү ылдам жана катасыз окуу жөндөмү.*

Окуунун ылдамдыгы «Окуу ылдамдыгынын ченемдери» менен жөнгө салынып, үч деңгээлден турат.

**«Окуу ылдамдыгынын ченемдери» таблицасы**

| Класс | Үлгүлүү деңгээл | | Базалык деңгээл (минималдык стандарттык деңгээл) | | Төмөнкү деңгээл | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1-жарым жылдык | 2-жарым жылдык | 1-жарым жылдык | 2-жарым жылдык | 1-жарым жылдык | 2-жарым жылдык |
| 1. | 20 сөздөн көп | 25 сөздөн көп | 15-20 сөз | 20–25 сөз | 15 сөздөн аз | 20 сөздөн аз |
| 2. | 30 сөздөн көп | 40 сөздөн көп | 30–35 сөз | 35–40 сөз | 30 сөздөн аз | 35 сөздөн аз |
| 3. | 50 сөздөн көп | 60 сөздөн көп 4 | 45–50 сөз | 55–60 сөз | 45 сөздөн аз | 55 сөздөн аз |
| 4. | 70 сөздөн көп | 80 сөздөн көп | 65–70 сөз | 70–80 сөз | 65 сөздөн аз | 70 сөздөн аз |

*Көркөм окуу адабий чыгарманы эмоционалдуу жана аңдап-түшүнүп окууну билдирет.*